КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛАСТЫ
ДЕПУТАТТАРДЫН СҮЛҮКТҮ ШААРДЫК
КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЛЮКТИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ

**Сүлүктү шаардык кеңешинин (жетинчи чакырылышы) кезексиз VII сессиясы**

**Токтом № 24**

**Сүлүктү шаары** **29.10. 2021-жыл**

**Сүлүктү шаарынын Т.Марипов көчөсүндө жайгашкан №3 үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун имаратынын жылытуу мешин орнотуу үчүн жергиликтүү бюджеттен 340774 сом акча каражат бөлүп берүүгө макулдук берүү жөнүндө**

Сүлүктү шаардык мэриясынын 2021-жылдын 22-октябрындагы №01-12/14-1367 сандуу Сүлүктү шаарынын Т.Марипов көчөсүндө жайгашкан №3 үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун имаратынын жылытуу мешин орнотуу үчүн жергиликтүү бюджеттен 340774 сом акча каражат бөлүп берүүгө макулдук берүү жөнүндөгү каты боюнча шаардык кеңешинин финансы жана бюджет боюнча туруктуу комиссиясынын сунуштарын угуп жана талкуулап Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” Мыйзамынын 31 беренесинин негизинде Сүлүктү шаардык кеңеши

Т О К Т О М  К Ы Л А Т:

1 Сүлүктү шаарынын Т.Марипов көчөсүндө жайгашкан №3 үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун имаратынын жылытуу мешин орнотуу үчүн жергиликтүү бюджеттен 340774 (үч жүз кырк миң жети жүз жетимиш төрт) сом акча каражатын бөлүп берүүгө макулдук берилсин

2.Токтомдун аткарылуусун көзөмөлдөө жагы шаардык кенештин бюджет, экономика, инвестиция жана ишкердикти өнүктүрүү боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага : - К.Мадаминов